## УЛУТТУК БОШТОНДУК КӨТӨРҮЛҮШКӨ ТАРЫХЫЙ БАА БЕРИЛЕТ

**“100 жыл мурун болгон кандуу көтөрүлүшкө тарыхый баа берүүгө мезгил келип жетти”, - дешет Кыргыз улуттук илимдер академиясында өткөн “1916-жылдагы Улуттук боштондук көтөрүлүш: учурдагы көз караштар жана анын тарыхый мааниси” аттуу илимий талкуунун катышуучулары.**

Талкууда Улуттук боштондук кыймыл учурунда саясий себептерден улам толук изилденбей калгандыгын жана коомчулукта ар кандай пикирлер айтылып келгендигин эске алган окумуштуулар бул көтөрүлүшкө тарыхый жактан дагы, саясий жактан дагы, илимий жактан дагы туура баа берүү керектигин баса белгилешти.

- Убагында Жусуп Абдырахманов, Баялы Исакеев, Касым Тыныстанов сыяктуу кыргыздын патриот уулдары кара башын сайып коюп көтөрүлүштүн тарыхый ордун аныктап, сактап кетүүгө далалат кылышкан. Учурда архивдик маалыматтардан үркүндүн себептерин, жүрүшүн, тарыхын чагылдырган баалуу материалдар табылууда. Биз илимпоздор ошол маалыматтардын баардыгын изилдеп чыгып, туура, адилеттүү баа беришибиз керек, - дейт Кыргыз улуттук илимдер академиясынын президенти А.Эркебаев.

1916-жылдагы Улуттук боштондук көтөрүлүштүн жүз жылдыгын белгилөө үчүн Президенттин атайын жарлыгы чыгып, учурда бир топ иш-чаралар өтүүдө. Иш-чаранын алкагында август-сентябрь айларында “Ата-Бейит” мемориалдык комплексинде Үркүнгө арналган мемориалдык комплекс ачуу пландаштырылган.

## ОШМУДА ЭКИ ОКУУ КОРПУСУ АЧЫЛДЫ

**Ош мамлекеттик университетинин жаңы кампусунда эл аралык медицина факультети жана медицина факультети үчүн жаңы окуу лабораториялык корпусу ачылды.**



Эл аралык медицина факультетинин окуу корпусу 46 аудиториядан жана лабораториялардан, 250 орундуу, эки чоң лекциялык залдан турат. Алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөн келип билим алып жаткан студенттер үчүн төрт кабаттуу окуу имаратында бардык шарттар түзүлгөн.

Ал эми медицина факультети үчүн жаңы окуу лабораториялык корпусу 26 аудиториядан турат. Бул имарат тиешелүү техникалык каражаттар, лабораторияга керектүү жабдыктар менен камсыздалган. Курулуштар университеттин ички эсебинен каржыланды.

Имараттын ачылыш салтанатында сүйлөгөн сөзүндө билим берүү жана илим министри Эльвира Сариева ОшМУда бүгүн чоң саамалык болуп жаткандыгын белгилеп, мындай демилгелерди жүзөгө ашырып, студенттердин билим алуусуна заманбап шарттарды жаратып, билим экспортун өнүктүрүп, бир нече окуу корпустарын, клиникаларды салып жаткан жетекчиликке, жамаатка ыраазычылык билдирди. Ошондой эле ОшМУ мындан сырткары мектеп окуучуларына, мугалимдерине, мектепке чейинки билим берүү мекемелерине түрдүү семинар-тренингдерди уюштуруу, колдоо көрсөтүү жагынан да биринчи орунда турарын белгиледи.

Ош шаарынын мэри Айтмамат Кадырбаев, Жогорку Кеңештин депутаты Садык Шер-Нияз, саламаттыкты сактоо министри Талантбек Батыралиевдер дагы куттуктоо сөздөрүн айтышып, жамаатка жылуу пикирлерин жолдошту.

«Биз 15 жылдан ашуун билим экспорту менен иштеп келебиз. Бирок чет өлкөлүк студенттерге өзүнчө шарт, өзүнчө мамиле, өзүнчө система түзө албай келгенбиз. Андыктан биз бул ишти астейдил колго алдык. Өзүнчө чет өлкөлүк студенттерге системалуу шарт жаратып, кыргыз билим берүүсүнүн стандарттарын сактаган, бирок студенттер барып иштей турган мамлекеттин да өзгөчөлүктөрүн үйрөтүп окута турган факультет түздүк. Биз муну менен билим экспортун өнүктүрөбүз жана ал аркылуу университетти эл аралык билим берүү талаптарына ылайык трансформациялайбыз», - деди ОшМУнун ректору К.Исаков.

Бул университет республикадагы жогорку окуу жайлардын ичинен жаңы окуу корпустарын куруу боюнча алдыңкы орунга чыгууда. Буга чейин университеттин ички каражатынын эсебинен эки медициналык жана стоматологиялык клиникалар курулуп, колдонууга берилген.

## ҮРКҮНГӨ АРНАЛГАН КОНФЕРЕНЦИЯ ӨТӨТ

**1916-жылдагы Улуттук боштондук көтөрүлүштүн 100 жылдыгына карата “1916-жылдагы Улуттук боштондук көтөрүлүшкө 100 жыл: тарыхый окуя жана анын азыркы мааниси” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция 18-19-апрелде Бишкек гуманитардык университетинде өтөт.**

Иш-чарада 1916-жылдагы Үркүндүн тарыхы жана ал тууралуу маалыматтар, Үркүндүн көркөм адабиятта, искусстводо жана массалык маалымат каражаттарында чагылдырылышы, боштондук көтөрүлүштү азыркы көз караштa кароо, анын тарыхый орду, ага тарыхый баа берүү сыяктуу актуалдуу маселелер каралат.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ СТУДЕНТТЕРДИН МЕЛДЕШИ ӨТТҮ

**Билим берүүдөгү стратегиялык маалыматтык технологиялар институтунун студенттеринин арасында өздүк көркөм чыгармачылык боюнча сынак болуп өттү.**

Сынак үч күнгө созулуп, окуу жайдын студенттери чыгармачылык өнөрлөрүн тартуулашып, өз колдору менен жасаган буюм-тайымдарын көргөзмөгө коюшту. Жыйынтыгында вокал номинациясы боюнча Ишимова Диана жеңүүчү деп табылып, 5000 сом менен сыйланды. Бий номинациясын Байзакова Айжамал, Байзакова Нуржамал, Сүйүналиева Толгонай, Бакытбекова Наргиза жана Эмилбаева Бегайым түзгөн топ жеңип, алар дагы беш миң сом менен сыйланышты. Музыкалык аспаптар номинациясын Бостериева Адина жеңсе, адабий чыгармачылык номинациясын Кошбакова Гүлназ утуп алды. Мыкты манасчы болуп Азимова Наргиза таанылса, кол өнөрчүлүк номинациясында Өмүрова Алтынай алдыга озуп чыкты. Мыкты цирктик номер көрсөткөндүгү үчүн Нурлан кызы Мээрим кызыктыруучу сыйлык менен сыйланды.

- Бул сынакка көп күн даярдандым. Күнү-түнү отуруп Каныкейдин образын ийрилген жип менен кийизге түшүрүп чыктым. Андан сырткары кагаздан ором гүлдестелерди жасадым. Эми минтип эмгегимдин акыбети кайтып, 1-орунду жеңип алдым, - дейт кол өнөрчүлүк боюнча номинациянын жеңүүчүсү Өмүрова Алтынай.

## СУЛУУЛАР ТАНДАЛДЫ

**Ош мамлекеттик юридикалык институтунда сулуулар конкурсу болуп, окуу жайдын периси аныкталды.**

Аталган окуу жайдын жаштар комитетинин демилгеси менен уюштурулган иш-чарада бардык факультеттерден жана юридикалык колледжден тандалган кыздар катышты. Алар алгачкы саламдашуудан эле улуттук каада-салт менен маданиятты даңазалашты. Андан кийин кыздар түрдүү тамактарды жасоо, жарашыктуу кийинүү, ырбийлерди аткаруу, жаңылмач айтуу жана башка шарттар боюнча жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтүп, калыстар тарабынан берилген логикалык суроолорго жооп кайтарышты. Маданият жылына арналып өткөрүлгөн конкурста көрүүчүлөрдүн кубулуна толуп, калыстар тарабынан да жогору баага татыган тергөө-криминалистика факультетинин студенти Элдана Капарова «ОшМЮИнин периси - 2016» номинациясын жеңип алды. Бул тууралуу окуу жайдын басма сөз катчысы кабарлады.



*Кыргыз экономикалык университетинин сулуулары.*

Ушундай эле сынак Кыргыз экономикалык университетинин сулуулары арасында болуп, окуу жайдын сулуусу наамы үчүн жалпы 18 студент-кыздар ат салышты. Натыйжада, көрүүчүлөрдүн берген добушу боюнча “КЭУнун сулуусу - 2016” наамын 2-курстун студенти Ибрагимова Эльнура жеңип, Стамбулга бир жумага эки кишилик жолдомо утуп алды. Вице мисси 1-курстун студенти Эляхунова Шахноза алып, ноутбук менен сыйланса, көрүүчүлөрдүн купулуна толгондугу үчүн 2-курстун студенти Кошоева Малика планшет жана "Лидерлер мектебинен» акысыз билим алуу укугуна ээ болду.

## БИШКЕКТЕ “УНИВЕРСИАДА - 2016” БАШТАЛДЫ

**Республикадагы жогорку окуу жайлардын ортосундагы “Универсиада - 2016” мелдешинин ачылыш салтанаты 16-мартта Кожомкул атындагы спорт ордосунда болуп өттү.**

Универсиада Билим берүү жана илим министрлиги жана “Жаштык” массалык спорт жана ден соолукту чыңдоо борборунун демилгеси менен, жаштарды спортко тартуу жана эл аралык деңгээлдеги мелдештерге даярдоо максатында жүргүзүлүп келет.

Ачылыш аземде Жогорку Кеңештин депутаты Кыдыралиев Үмбөталы дене тарбия жана спорттун мамлекеттин өсүшүнө, өнүгүшүнө түздөн-түз таасири тиерин айтып: “Дени сак, ден соолугу чың мамлекет гана өсө алат, өнүгө алат деп ишенем. Экономикасы өнүккөн: Франция, Улуу Британия, Россияга окшогон өлкөлөрдө жалпы элдин 15-20% спорт менен машыккан болсо, тынчсызданып, атайын мамлекеттик программа кабыл алышат. Тилекке каршы, Кыргызстанда спорт менен машыккандар 6-7% ашпайт. Бул бизге коопсуздук алып келет. Ошондуктан спорт менен машыгып, спорттун түптөлүшүнө, өнүгүшүнө салымын кошкон спортчуларыбызды дайыма колдоймун, аларга дагы да жетишкендиктерди каалайм", - деди.

Азия жана дүйнөнүн студенттер арасындагы чемпионатына ушул универсиаданын жеңүүчүлөрү дагы катышып, ийгилик алып келет деген ишенимин айткан "Жаштык" борборунун директору Эркинбек Абдылдаев жаштарды спортту сүйүүгө үндөп, аларга ийгиликтерди каалады.

Универсиада жылдагыдай эле үч лигада спорттун 18 түрү боюнча өтөт. Мелдеште жалпы командалык эсепте 1-6-орунду алган делегациялар кубок, диплом жана 40, 35, 30, 25, 20, 15 миң сомдук сертификаттар менен сыйланышса, спорттун түрү боюнча бардык лигадан биринчи орунду алган командалар кубок жана 1-даражадагы дипломдор менен сыйланышат. Спорттун түрү боюнча бардык лигадан 2-3-орунду алган командаларга тийиштүү даражадагы дипломдор ыйгарылат. Ал эми 1-2-3-орунду алган спортчулар медаль, диплом жана кызыктыруучу сыйлыктар менен сыйланышат. Алдыңкы орундарды алган командалардын тренерлери медаль жана грамоталар менен, дене тарбия кафедраларынын башчылары, спорттук клубдардын өкүлдөрү, ЖОЖдордун командаларынын тренерлери дагы кызыктыруучу сыйлыктарга ээ болушат. Мелдеште ийгиликке жеткен спортчуларды сыйлоо аземи 22-апрелде Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде өтөт.

## КӨП БАСКЫЧТУУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН АБАЛЫ ТАЛКУУЛАНУУДА

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде II Эл аралык «Ааламдашуу алкагында көп баскычтуу жогорку билим берүүнүн абалы жана келечеги» аттуу илимий–практикалык конференция өтүүдө.**

Конференция Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын көп баскычтуу жогорку билим берүүгө өтүүдөгү көйгөйлөрү, дүйнөлүк тажрыйбанын алгылыктуу жактарын өздөштүрүү, көп баскычтуу билим берүү системасында адистиктердин мамлекеттик стандарттарын, компетенттүүлүктөрүнүн структурасын жана мазмунун иштеп чыгуу, аларды ишке ашырууну илимий-методикалык жактан камсыздоонун проблемалары тууралуу ой бөлүшүү, китептер көргөзмөсүн, мастер-класстарды өткөрүүнү көздөөдө. Ошону менен бирдикте конференциянын алкагында окутуучулардын көп баскычтуу билим берүү шарттарына ылайык кесиптик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү, студенттердин өз алдынча окуу, илимий изилдөө ишин уюштуруунун технологиясына байланыштуу маселелер талкууланууда

Конференцияда АКШ, Түркия, Россия, Украина, Казакстан жана башка мамлекеттердин университеттеринин жана илим изилдөө борборлорунун 100дөн ашык өкүлдөрү 12 секциялык отурумда билдирүү жасашып, ой бөлүшүүдө.

Бетти даярдаган Чолпон КИЙИЗБАЕВА, “Кутбилим”